УДК 37.013:2-756.

А.С. Мукамбетова, *п.и.д., профессор*
И.Арабаев атындагы КМУ,

СТУДЕНТТЕРДИН БИЛИМИН БААЛООНУН МЫЙЗАМДЫК НЕГИЗДЕРИН ТҮЗҮҮНҮН КООМДУК-СОЦИАЛДЫК ТАЛАПТАРЫ

Аннотация: *Бул макалада кесиптик билим берүүдө студенттин билим баалоо системасын демократиялык коомдун талаптарына ылайык иштеп чыгуунун коомдук-социалдык маселелери каралат.*

Түйүндүү сөздөр: *билим, кесип, агартуу, баалоо, баа, критерий, натыйжа, аныктоо, түшүнүк, жыйынтык.*

Аннотация: *В этой статье рассматриваются общественно-социальные вопросыпо по разработке системы оценивания знаний студента в профессиональном образовании согласно требованиям демократического общества.*

Ключевые слова: *знание, профессия, просвещение, оценивание, критерии, оценки, результат, определение, понятие, заключение.*

Abstract: *This article vocational education and student evaluation system for processing in accordance with the requirements of a democratic society, public education, social issues will be considered.*

Key words: *education, profession, enlightenment, evaluation, assessment and criteria, the results, determination, insight and conclusıon.*

Азыркы жарандык коом үчүн билим канчалык кеңири түшүнүк болсо, аны ийине жеткире баалоо үчүн да ошончолук ар тараптуу кырдаалдан мамиле кылуу зарылдыгы турат. Эгер ага бир жактуу мамиле кыла турган болсок эле учурда коомчулук талап кылган калыстыктан кайтуу – жарандык коомдо өз ара араздашуулар пайда боло турган кырдаалга жеткирээри баарыбызга белгилүү болуп калды. Ошондуктан билимди баалоого өтө зарыл болгон бир катар объективдүү факторлорго токтолуу маанилүү экендиги байкалат. Ырас маселе өзүнө көп жактуу мамиле кылууну талап кылгандыктан, биз аны туура түшүнүү менен демократиялык коом талап кылган айрым жагдайларга токтолууну зарыл деп таптык. Ал төмөнкү кырдаалдар менен түшүндүрүлөт: а) азыркы коомдун көз караштардын көп түрдүүлүгүнө эркиндик бергендиги; б) ар бир жарандын пикирин билдирүүгө ыңгайлуу шарттын түзүлүшү; в) кепке алынган объектинин маанилүү жактарын жеткиликтүү ачып көрсөтүү үчүн коомдук көз караште плюрализмдин сакталышы; г) социалдык турмуштун кескин жаңылануусу менен көз караштардын дайыма өзгөрүүгө аргасыз болушу ж. б.

Бир караганда булардын кесиптик билим берүүдөгү баалоо системасына эч кандай катышы жоктой көрүнгөнү менен тереңирээк талдоого алган адамга аталган жагдайлардын тикелей катышы бар экендиги ачык көрүнөт. Окуу процессин уюштуруп жаткан мугалим да, ага активдүү катышкан студент да азыркы коомдун мүчөсү экенин эске ала турган болсок, анда социалдык чөйрөдө пайда болгон мындай демократиялык жол аркылуу дүйнө кабылдоодон сыртта калбай тургандыгы белгилүү. Тактап айтканда демократиялык коом дайыма атаандаштыкты түзүп туруучу, өзгөчө анын ичинде акылдуусу жана билимдүүсү жеңишке ээ болуусун камсыздоочу коомдук түзүлүш болгондуктан, ар бир жарандын ички дымагына таасир этүүчү көз караштардын келишпестигин дайыма жаратып турат. Ал окуу иштеринде мугалим менен студенттин тыкыр байланышта турган кызматташуусун камсыздоо менен бирге алардын ортосунда бир катар жагымсыз жагдайларды да түзүп келет. Экөө тең жарандык коомдо субъекти экенин эсепке алсак, алардын ар бир окуу процессинде милдетине караганда укуктарына артыкчылык беришип, ар кимиси иштин аткарылышы менен андан натыйжа алууда кырдаалга өз кызыкчылыгынан мамиле этүүнү башкы орунга коёт. Ошондуктан түрдүү проблемалар чыгып, кээ бир учурларда натыйжаны аныктоочу баа өзүнүн түпкү мазмунунан алыстап, студенттин "мага коюп бериңизчи" деген бир ооз өтүнүч сөзүнө келип такалып калат.

Баалоо процессинин мыйзамдык алкагы такталбагандыгынан улам мугалим коюп берсе эле студент үчүн бардык маселе чечилип калгандай таасир калтырган бул кырдаал экөөнүн ортосундагы түрдүү мамилени жаратуу менен бирге окуу жайлар үчүн көө жаап жаткан коррупциялык иштердин "көлөкөсүн" мына ушул жерге түшүрүүдө. Ырас, мугалимдин зачеттук китепчеге бааны коюп бериши менен "карыз маселеси чечилиши мүмкүн", бирок билимдин керектүүлүгү менен билгичтиктин артыкчылыгын айырмалоо бир кыйла татаалдашып, баалоочу менен бааланууучунун ортосунда урмат көрсөтүү маселеси өзүнүн нарк-насилин жоготот. Бул коомчулукта жарандын (мугалимдин) инсандыгын сыйлоо касиетинен ажыратып, ошол эле мезгилде бааны "жеңил" алган сту-

денттин кесипке карата коюлган жарандык талаптары аткарылбай калат. Эң башкысы өздөштүрүлбөгөн билим студенттин келечекте рынок шартындагы конкуренцияга туруштук берүүчү жөндөмүнүн алсырашына алып келет да, анын натыйжасында коомдун ар тараптуу кызыкчылыктарын аткаруу мүмкүнчүлүгү бөксөрөт. Мындай көрүнүш коомчулуктун өзүндө баа боюнча бир пикирге келишпестикти түзүп, билим берүү системасында ага терең маани берүү менен мамиле кылуу зарыл экендигин көрсөтүүдө.

Студенттин азыркы рыноктук мамилелерге туруштук берүүчү билимге ээ болбой калышы, б. а. ички жана тышкы конкуренцияда кесипкөйлүктүн жетишсиздиги анын жеке адамдык сапаттарына гана көлөкө түшүрбөстөн, ага диплом берген окуу жайдын абройуна да доо келтирүүдө. Мындай шартта студент бааны кантип алгандыгын эч ким эсепке алынбастан, ага берилген диплом аркылуу маани-маңызы өлчөнө тургандыктан, андай бүтүрүүчүлөрдүн көп же аздыгына жараша окуу жайдын имиджи түзөөрүн жокко чыгара албайбыз. Ырас, билимди баалоо системасы бүгүн эле пайда боло калган жаңы түшүнүктөрдөн эмес, бирок азыркы коомдун талаптарын эске алуу менен заманбап мазмунга ээ болушу керектигин жогоркудай кырдаалдар аныктап жатат. Эгер буга чейин Кыргызстан бул багытта өнүккөн өлкөлөр тарабынан иштелип чыккан илимий-теориялык ойлорду, аныктама менен концепцияларды эч бир өзгөртүүсүз колдонуп келген болсо, мындай абал өлкө ичинде түзүлгөн кырдаалга өз алдынча жана принципиалдуу мамиле кылуу керектигин ачыкка чыгарып отурат.

Дүйнөлүк жана орус окумуштууларынын бул багыттагы илимий-теориялык изилдөөлөрүн карап көргөндө ушул проблемага тиешелүү ойлор жетишсиз экендигин байкадык. Демек, ал өлкөлөрдө маселенин жалпыга мүнөздүү, ошол эле мезгилде эки тарапты кызматташууга алып келген билим берүү системасындагы жарандык укуктар менен милдеттер өзүнүн спецификалык касиеттерине чейин жеткиликтүү чечилген деген ойго келдик. Бирок проблеманы чечүү зарылдыгы күн тартибинде турган соң аны азыркы мезгилдеги талаптарга ылайык жөнгө салууну педагогикалык коомчулук милдеттенүүгө тийиш. Бул аталган маселени бүгүнкү күндөгү билим берүүнүн талаптарына шайкеш келтирүү үчүн теориялык жана практикалык багытта бир катар суроолор жооп берип, ошол эле мезгилде мурда калыптанган баалоону илимий-педагогикалык жактан инновациялоо зарыл экендигин көрсөтүп турат.

Ал өзгөчө жарандык коомчулукта актуалдуулукка ээ болуу менен бирге окуу процессинде болуп жаткан бардык кыймыл-аракетти мыйзам чегинде жөнгө салууга негиз болуп берет. Кыргыз жергесинде ал демократиялык мазмунга ээ болуу менен өз ордун табуу үчүн кыргыз педагогикасы буга чейин болуп келген баалоонун системасын аталган коомдук зарылдыктарды эске алып, азыркы **заманга ылайык баалоо иштерин уюштуруу максатында заманбап концепциясын иштеп чыгуу** милдети турат. Анын мазмуну таптакыр жаңы болуш керек деш кандай туура эмес болсо, ички кызыкчылыктарды толук канааттандыра албаган принциптерди колдоно берүү аракети да ошондой маанисиз болуп саналат. Анткени баалоо системасы канчалык жаңыча мамилени талап кылбасын окуу процессинде эки тараптын (мугалим менен студент) өз ара кызматташуусунан пайда болгон айрым практикалык иш-чараларды жүргүзүүнү милдеттендирет. Алдыга коюлган проблемага туура жооп берүү үчүн эки тараптын бирдей жоопкерчилигин камсыз кылуучу кырдаалда аткарылуучу төмөнкү критерийлерге карата мамилени тактоо зарылдыгы көрүнүп турат. Алар:

- студенттердин өтүлө турган предметке чейинки билим деңгээлин ченөө;
- студенттердин сабакка карата даярдыгынын өлчөө;
- окуу программасы боюнча сунушталып жаткан билимди студенттин канчалык өздөштүргөнүн аныктоо;
- студенттердин ийгиликтерин айкындоо жана кемчилдиктерин жоюуга көрсөтмө берүү ж. б.

Эгер проблемага мугалим тарабынан караганда баары түшүнүктүүдөй көрүнгөнү менен студент үчүн бул жерде көптөгөн маселелер түшүнүксүз бойдон кала берет. Алардын биринчиси – ал предметти окуса кандай билимге ээ болушу мүмкүн экендиги менен, б. а. окубай калса билимдин кайсы тарабы жетишсиз болуп, эмнеден кемчил болушуна карата так көрсөтмөнүн иштелип чыкпагандыгы болуп саналат. Экинчиси – өзүнө тиешелүү сааттар мугалим тарабынан кандай мазмунда жумшалып жатканын студент да билиши керек. Тактап айтканда окуу планы аркылуу сунушталып жаткан билимди кайсы жолдор менен алса студенттин кесиптик даярдыгы кандай артыкчылыктарга ээ болушу мүмкүн экендигинен кабардар кылуу окуу процессин сапаттуу уюштурууга шарт түзөт. Анткени студенттин негизги максаты азыркы рыноктук мамилелерде толук камсыз кылып туруучу билимге ээ болуу кызыкчылыгы менен шайкеш келип тургандыктан, кесиптик билимин арттыруу үчүн кандай окуу усулдарына артыкчылык берүүсү зарыл экендигине карай окуу жай маалыматтарды берип турууга тийиш. Ал төмөнкү кырдаалдардын мыйзам чегинде каралышын жана аны сапаттуу ишке ашырууга карай эки тараптын (мугалим менен студенттин) укуктары менен милдеттери юридикалык жактан иштелишин талап кылат. Алар:

- мамлекеттик стандарттардын деңгээлиндеги билимди берүүгө карата окутуу усулдарын аныктоо жана студенттердин билим деңгээлин камсыздоону коргоо;
- студенттердин өзүлөрү үчүн да, мугалимдер үчүн да сабактын ийгиликтерин жана кемчилдиктерин көрсөтүү;
- мындан аркы сабактарда кандай ык-усулдарды пайдалануу натыйжа бере тургандыгын так көрсөткүчтөр аркылуу билдирүү;
- окутуу процессинде кайсы формалар алгылыктуу натыйжаларды бергенине карай статистикалык көрсөткүчтөрдү жалпыга маалымдоо;
- мугалимдер менен студенттердин окутуу тууралуу өз ара кызматташуусун теория менен практиканын ич ара катышында түзүп чыгуу;
- окуу процессиндеги «кайра байланышууну» (обратная связь) камсыз кылуу үчүн сабактын кайсы түрүнө артыкчылык берүү керектигине байланыштуу бүтүрүүчүлөрдүн пикирин жарыялоо;

• мугалимдердин кесиптик билим берүүнүн сапатын жогорулатуу үчүн сунуштаган инновациялык сабактарын эксперименттен өткөрүүгө эки тараптын бирдей аракеттенүүсүн камсыздоо;

• окутуу багытында ар бир мугалимдин студенттерге сапаттуу билим берүү боюнча кылган жылдык аракетине артыкчылыктарды берүү максатында рейтингдерди өткөрүү ж. б. иш-чаралардын аткарылышы болуп саналат.

Окуу процессинде болуп келген мындай иштер азыр эки тараптын юридикалык макулдашуусуз эле кээ бир жерде жүзөгө ашып жатканын көрүүгө болот. Бирок андай иштердин көпчүлүгү мындай шартта ички нааразылыктар менен коштолуп, эки тараптын тирешүүсүнө чейин жетүүдө. Ал эми араздашуу менен коштолгон окуу иштери билимдин сапатын үзгүлтүккө учуратып, мугалим тарабынан студентти басынтууга болгон аракетке алып келсе, студент тарабынан педагогикалык жамаатты жек көрүү менен коштолгон жогорку инстанцияларга арызданууга жеткирүүдө. Баалоо процессин ар тараптуу изилдеген орус окумуштуулары - С.В.Астраханцева, А.В.Берсенева, А.Я.Журкина, И.В.Калиш, С.М.Кодолов, О.Е.Лебедев, Е.В.Титова, А.И.Щетинская, ж. б. бул маселени көз жаздымда калтырганы байкалат. Ар бир өлкөнүн ички өзгөчөлүгүнө карата проблеманы таанууда “суверендүүлүктүн” орун алышынан улам орустардын кесиптик билим берүүсүндө мындай көрүнүшкө маани берүү зарылдыгы талап кылынбаса, кыргыздар үчүн учурда маанилүү орунда турганын белгилей кетели. Ушундай ички мазмундук айырма болгону менен азыр баалоо процессин аныктоо боюнча бир катар жакындыктар бар экендиги байкалат. Алар баалоо менен баа коюуга карата мамиленин өзгөрүшү – мурдагыдай баа менен бир сабактагы жетишкендигин көрсөтүү эмес, реалдуу турмушта ээ болуучу жөндөмдөргө болгон баасын берүү аракети эки өлкөдө бирдей мазмунга айланышы менен түшүндүрүлөт. А.С.Белкин изилдөөсүндө [1] баалоонун мазмуну билим алуучуга ийгиликке жетүүчү кырдаалды түзүү, анын мазмуну реалдуу турмуштук кырдаалдар менен айкалыштыра бааланып, ал эми натыйжасы инсандын коом талап кылган билгичтиктерге ээ болушу аркылуу аныктала тургандыгын көрсөтөт.

Студент кесиптик билгичтиги боюнча жарандык коом эмне талап кыла тургандыгын өз алдынча аныктай албай тургандыгын эске алсак, анда ага кесиптик көндүмдөрдү үйрөтүүчү предметтердин мазмуну кайсыга негизделип түзүлгөнүн көрсөтүүчү жана андан алына турган результаттын көрсөткүчү кандай жөндөмдөрдү берээри тууралуу маалыматтар билим алуучуларга жеткирилип турушу керек. Албетте окуу процесси эки тараптуу кызматташуудан тургандыктан, ага карата эки тараптын бирдей милдеттүүлүгү мыйзамдаштырылбаса, акыркы натыйжа өз деңгээлине чыкпай калуусу толук мүмкүн. Демек студентке сунушталган билим азыркы өзгөрүлмөлүү коомдун талаптарына дайыма жооп берип туруш үчүн чыгармачылыкта изденүүгө эки тарап тең милдеттүү болуп саналат. Ошол себептен проблеманын юридикалык жагына токтолбосо да **А. В. Хуторской:** «…если образование будет иметь творческую, а не репродуктивную ориентацию, пронизывающую не только процесс обучения, но и систему диагностики, контроля и оценки образовательных результатов школьников» [2], деп, анын мыйзам чегинде изденүү зарылдыгын көрсөтөт. Анткени кесиптик билим берүүдө баалоого болгон жаңыча мамиле студенттин мугалим сунуштаган маалыматты канчалык жеткиликтүү өздөштүргүүсүн гана ачыкка чыгарбастан, аны керектеген жер коомдук-социалдык чөйрөдө кайда экенин да билүү зарылдыгын аныктоо менен коштолот. Антпесе маалыматтык технология өнүккөн заманда студентке сунушталган маалымат ушунчалык көп болуп, кээ бир учурда алардын кайсынысы пайдалуу, ал эми кайсынысы керек эместигин алар өздөрү да ажырата албай калган учурлар өтө көп кездешет.

Эки тарапты (мугалим менен студентти) мыйзамдуу милдеттендире турган жагдай окуу процессинде пайда болгон ЗУНдун (знания, умения, навыки) мазмунун дайыма чыгармачылык менен колдонуп, студент жарандык коомдо коммуникативдүү байланыштарды ишке ашырууда инсандык баалуулуктарды айырмалап, практикалык иш чараларда ийине жеткире аткара алуусуна жетишүүсү менен жыйынтыкталууга тийиш. Мында аткарылган жумуштун мазмуну боюнча **дагы бир маселени мыйзамдык чекте чечип алуу зарылдыгы** турат. Ал студент окуу процессинде сунушталган бардык билимди өздөштүргөн менен улам кийинки мезгилдерде алардын ишке орношуусу менен байланыштуу болуп саналат. Антпесе жыл өткөн сайын бүтүрүүчүлөрдүн жумуш таап, ишке орношуусу ошончолук оорлоп барат. Тактап айтканда төрт жыл окуган студент окуусун аяктаган соң эч бир жерге бараар менен орношо албайт. Сөзсүз бир нече ай, ал тургай бир нече жыл волонтерлук негизде стажировкадан өтүшү керек. Бул мезгилде анын баскан-турганын эч ким каржылабайт, б. а. ага мекемеден бир тыйын каржы бөлүнбөйт. Демек ал бир нече убакыт бекер иштеп берүүгө тийиш, бул көрүнүш бүтүрүүчүнүн жарандык укугун басмырлоо экенин тымызын туюндуруп турат. Аны эч ким зордоп иштетпегени менен мындай мамиле психологиялык жактан да, финансылык жактан да бүтүрүүчүгө оорчулук жарата турганы талашсыз.

Окуу жай түрдүү кесиптик билим берүүлөрдү ачып, студенттердин санын көбөйтүүгө канчалык маани берсе, окуу жайды бүткөн соң алардын иштеп кетүүсү үчүн ошончолук милдеттүүлүгүн мыйзам чегинде чечүү зарылдыгы Кыргызстан үчүн маанилүү болуп турат. Ырас бүтүрүүчүлөрдүн баарын ишке орноштурууну окуу жайдан талап кылуу акылга сыйбай турган иш экендиги белгилүү. Бирок өзүнүн имиджи үчүн артыкчылык менен бүтүргөндөрдү жумуш менен камсыздоо кызыкчылыгы азыркы демократиялык коомдун талаптарына кирет. Нагыз демократиялык аспектиден алганда бүтүрүүчүнүн мыйзамдуу талабын канааттандыруу үчүн мындай шартта проблеманы туура жана маңыздуу чечүү үчүн окуу жай өзүнүн приоритетинде турган иштерге инновациялык мамиле кылып, ошол кесипке муктаж иш берүүчүлөр (ишкана-мекемелер) менен эки тарапты мыйзам чегинде милдеттендирген келишим түзүү зарылдыгы турат. Айрым учурда эки тараптуу мындай келишимдер бар экендиги жөнүндө айтылып жүрөт, бирок ал окуу иштеринин ажырагыс бир бөлүгү катары ишке кире элек. Дипломго коюлган баалардын

мазмуну канчалык реалдуу экенин кадимки турмушка керектелүүчү иш-билгилерден аныктала турганын эсепке алсак, анда иш берүүчүлөрдүн кесипке болгон кызыкчылыгы билимдин натыйжасын баалоо системасына түздөн-түз тиешеси боло тургандыгы ачык көрүнөт. Мунун өзү иш берүүчүнүн кызыкчылыгын кесиптик билим берүүдө окуу процессине камтуу сөзсүз керектигин айкындайт.

Бул проблема Кыргызстанда социалдык чөйрөдө өтө маанилүү орунда турганы менен окуу процессинде аны чечүү жолдору иштелип чыкпай жатат. Аны майнаптуу жүзөгө ашыруу үчүн баалоо системасына жаңы технологияларды киргизүү зарыл экени ачык байкалууда. Ал технологиялар биринчи кезекте бүтүрүүчүнүн кадыр-барктуу ишкана-мекемелерде иштеп калуусуна кепилдик берүүчү багыттарга негизделип, окуу процессинде коюлган баа иш берүүчүнүн керектөөсүн камсыз кылуучу билимди аныктап, окуу учурунда ага карата көндүмдөрдү аныктап, ал эми өндүрүштүк практикада адат катары адистештирилген касиетке айлануусуна жетишүү керек. Азырынча идея катары баамдалганы менен жыл өткөн сайын бүтүрүүчүлөрдүн эсебинен жумушсуздардын катмарынын көбөйүшү кесиптик билим берүүчү окуу жайларда баалоо системасын демократиялык коомдун талаптарына ылайык инновациялоо кечиктирилгис иштерден экенин ачыкка чыгарууда. Баалоону алынуучу натыйжага карата уюштуруу А.В.Золотарева белгилегендей алгач эмнени баалоо керектигин аныктап, анан андан алынган результат эмнеге керектелиши мүмкүн экендигине карай мазмунун түзүп [3], ошол эле мезгилде турмушка канчалык пайдалуу аракет бере турганына карай баалоону жыйынтыктоо учурда өлкөдө бардык окуу жайга зарыл болуп турат.

Адабияттар

1. *Белкин, А. С. Ситуация успеха. Как ее создать [Текст] / А.С. Белкин. - М.: Просвещение. 1991. - 124 с.*
2. *Хуторской А. В. Ключевые компетенции как компонент личностно-ориентированной парадигмы образования // Ученик в обновляющейся школе. Сборник научных трудов [Текст] / А.В. Хуторской. - М.: ИОСО РАО, 2002, 135-бет.*
3. *Золотарева, А.В.Мониторинг результатов деятельности учреждения дополнительного образования детей: учебное пособие [Текст] /А.В. Золотарева, Н.А. Мухамедьярова. - Ярославль: Изд-во ЯГПУ, 2012, 7-бет.*